*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

*Экспресс- маалымат*
2017-ж. 10-ноябрь

**2017-жылдын январь-октябрь айларындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-октябрь 2016[1] январь-октябрына карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-октябрь 2015 январь-октябрына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 382621,6 | 103,9 | 102,7 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 346268,7 | 103,5 | 103,3 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 178835,6 | 113,7 | 99,6 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 102716,1 | 120,5 | 102,7 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 13831,0 | 189,0 | 119,1 |
| Иштетүү өндүрүштөрү | 136275,0 | 109,3 | 99,5 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 27223,1 | 111,2 | 93,1 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 1506,5 | 106,4 | 104,9 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукция-сы | 185630,3 | 101,8 | 102,2 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар | 96058,0 | 105,2 | 105,2 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 92835,6 | 106,1 | 106,0 |

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-октябрь 2016[1] январь-октябрына карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-октябрь 2015 январь-октябрына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 357184,3 | 103,6 | 109,0 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 196916,7 | 105,3 | 108,4 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 16690,9 | 107,9 | 109,4 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмү, миң тонна | 25507,5 | 101,8 | 104,5 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун, млн. адам | 587,4 | 104,0 | 103,7 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 579,5 | 104,5 | 78,4 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 18733,7 | 75,9 | 92,3 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 103,0 | 100,6 |
| - 2016-ж. декабрына карата | 102,0 | | |
| - 2016-ж. октябрына карата | 103,6 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 63,4 | 111,9 | 100,0 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 14814 | 106,4 | 110,1 |
| Тышкы соода жүргүзүү[4] | 4424,4 | 109,5 | 98,4 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 1708,3 | 111,6 | 82,4 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 1242,4 | 115,8 | 104,6 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 447,4 | 132,2 | 117,3 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 3182,0 | 107,3 | 96,3 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 1260,9 | 105,8 | 76,0 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь-сентябрь. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь-сентябрь (алдын ала маалыматтар боюнча).

## 2017-жылдын январь-октябрь айларындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр

**Өнөр жай.** 2017-жылдын январь-октябрында 178,8 млрд. сом суммасында өнөр жай продукциялары өндүрүлдү, физикалык көлөмдүн индекси 2016-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 113,7 пайызды, Кумтөр кен казуу ишканаларын эсепке албаганда 120,5 пайызды түздү.

Металл рудаларын казууда (4,2 эсеге), тазаланган мунайзат продуктуларын (26,4 пайызга), башка металл эмес минералдык продуктуларды (17,5 пайызга), негизги металлдарды (7,3 пайызга) өндүрүүдө көлөмдүн өсүүсү белгиленди. Ошондой эле жер-жемиштерди жана жашылчаларды кайра иштетүү жана консервалоо боюнча көлөмдүн 2,5 эсеге, канттын - 32,9 пайызга, ун жана акшактын - 25,5 пайызга, сүт азыктарынын - 11,8 пайызга өсүшү менен шартталган тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн көбөйүүсү (14,0 пайызга) байкалды.

Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун көлөмү электр энергияны иштетүүнүн жана бөлүштүрүүнүн өсүүсүнүн эсебинен 2016-ж. январь-октябрынын деңгээлинен 11,2 пайызга көп болду.

Муну менен бирге электр жабдуулары өндүрүшүндө 14,8 пайызга, полиграфия ишмердигинде - 14,6 пайызга, кагаз жана картон өндүрүшүндө - 10,2 пайызга көлөмдүн артта калуусу байкалууда.

**Айыл чарбасы.** 2017-ж. январь-октябрь айларында айыл чарба дүң продукциясынын өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү мал чарбасынын продукцияларынын 2 паыйзга жогорулашы менен шартталды буга негизинен мал жана канаттуулардын ошондой эле сүттүн көлөмүн өсүүсү шарт болду, өсүмдүк өстүрүүчүлүк тармагынын продукцияларын өндүрүүнүн 1,6 пайызга жогорулашы негизинен жашылча өсүмдүктөрүн жана картошканын өсүшү менен камсыздалды.

**Курулуш** Негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүүсү пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшү, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), дүң жана чекене соода, мейманканалар жана ресторандар, маалымат жана байланыш, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, саламаттыкты сактоо, ошондой эле турак жай объекттеринин курулушунда белгиленди.

Муну менен катар негизги капталга инвестициянын төмөндөшү айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук, суу менен жабдуу, тазалоо жана калдыктарды иштетүү, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу, башка

тейлөө ишмердиги, ошондой эле билим берүү объекттеринин курулушунда белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү 9,8 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү тескерисинче, 2,9 пайызга төмөндөдү.

Негизги көлөм (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 74 пайызы) пайдалуу кендерди казуу, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), транспорт ишмердиги жана турак жай объекттеринин курулушуна багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун 2016-ж. январь-октябрына салыштырмалуу көбөйүшү дүң (2,0 пайызга) жана чекене сооданын (5,3 пайызг өсүүсүнүн эсебинен камсыздалды.

**Баалар жана тарифтер.** Үстүбүздөгү жылдын октябрында мурунку айга салыштырганда керектөө бааларынын жана тарифтеринин жалпы республика боюнча 0,7 пайызга өсүүсү катталды. Азык-түлүктүк эмес товарлардын (1,4 пайызга), ошондой эле азык-түлүк азыктары жана алкоголсуз суусундуктардын (0,6 пайызга) баалары эң көп өлчөмдө жогорулады. Ошону менен бирге картошкага (6,5 пайызга), жаңы жер-жемиштерге (4,0 пайызга), жумурткага (2,9 пайызга), уйдун этине (2,6 пайызга), сүт жана сүт азыктарына (1,8 пайызга), ал эми азык-түлүктүк эмес товарлардан көмүргө (9,3 пайызга), күйүүчү газга (3,6 пайызга) жана цементке (3,4 пайызга) болгон баалардын олуттуу көтөрүлгөнү байкалды. Мындан сырткары ү.ж. октябрында бензиндин баасынын 1,1 пайызга, дизель отунун баасынын 1,7 пайызга жогорулагандыгы белгиленди. Калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын баалары жана тарифтери ү.ж. октябрында мурунку айга салыштырмалуу 0,2 пайызга, алкоголдук ичимдиктер жана тамеки 0,3 пайызга көтөрүлдү.

Үстүбүздөгү жылдын октябрында мурунку айга салыштырмалуу Жалал-Абад (0,6 пайызга) жана Нарын облустарында (0,1 пайызга) керектөө бааларынын жана тарифтеринин төмөндөгөнү белгиленди. Ошол эле убакта алардын максималдуу өсүүсү (2.2 пайыз) Баткен облусунда катталды, бул азык-түлүктүк эмес товарлардын (5,1 пайызга) жана кызмат көрсөтүүлөрдүн (2,1 пайызга) бааларынын жана тарифтеринин башка региондорго салыштырмалуу эң көп жогорулашы менен шартталды. Ошону менен бирге ү.ж. октябрында тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктардын баалары Бишкек шаарында (1,2 пайызга) эң көп кымбаттаган, ал эми Жалал-Абад (1,8 пайызга), Нарын (0,9 пайызга) жана Ош облустарында (0,8 пайызга) бул баалардын тескерисинче төмөндөгөндүгү белгиленген.

Үстүбүздөгү жылдын башында (мурунку жылдын декабрына салыштырганда) керектөө секторундагы инфляциянын деңгээли

республика боюнча 2,0 пайызды түзгөн. Ошону менен бирге тамекинин (20,9 пайызга) жана кызмат көрсөтүүлөрдүн (6,4 пайызга) баалары эң көп өлчөмдө жогорулады. Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктардын баалары ү.ж. январь-октябрында 0,6 пайызга, азык-түлүктүк эмес товарлар - 1,5 пайызга көтөрүлгөн. Алкоголдук ичимдиктердин бааларынын төмөндөшү (3,7 пайызга) сакталууда.

Мурункудай эле ү.ж. башынан берки керектөө бааларынын эң жогорку өсүүсү (6,3 пайыз) Ош облусунда байкалууда. Ошол эле убакта Чүй облусунда алардын өсүүсү 0,9 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрында Ош облусунда тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктардын (3,6 пайызга), азык-түлүктүк эмес товарлардын (9.0 пайызга) жана тамекинин (1,6 эсеге) бааларынын олуттуу жогорулагандыгы белгиленди. Кызмат көрсөтүүлөр Бишкек шаарында (8,3 пайызга), тамеки Нарын облусунда (10,9 пайызга) эң көп кымбаттады.

**Эмгек акысы**. 2017-жылдын январь-сентябрында эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы экономикалык иштин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды, бирок эң олуттуу жогорулоо башка тейлөө иштери (23,4 пайыз), мейманканалардын жана ресторандардын иши (21,0 пайыз), кесиптик, илимий жана техникалык иштер (16,9 пайыз), транспорт иши жана жүктөрдү сактоо (15,9 пайыз), ошондой эле иштетүү өндүрүшү (12,3 пайыз)  чөйрөсүндө байкалды.

**Тышкы экономикалык иштер.** 2016-жылдын январь-сентябры менен салыштырганда 2017-ж. январь-сентябрында экспорттук жеткирүүлөр 15,8 пайызга жогорулаган, бул баалуу металлдардын концентраттарын жана рудаларды - 27,5 пайызга,  айнекти - 2,2 эсеге, кургатылган  жемиштерди - 2,1 пайызга, ак майды - 2,5 эсеге жана монетардык эмес алтынды - 3,4 пайызга жеткирүүнүн  жогорулашына байланыштуу болду.

Ошол эле учурда пахтанын 8,1 пайызга, кургатылган буурчак өсүмдүктөрүн - 2 эсеге,  электр лампасын - 26,9 пайызга алып чыгуунун төмөндөшү байкалган.

Импорттук түшүүлөрдүн көлөмү 7,3 пайызга жогорулады, бул синтетикалык кездемелерди 4,6 эсеге, жасалма жиптерден жасалган кездемелер - 3,5 эсеге, керамикадан жасалган ашкана идиштерин - 2,6 эсеге, дөңгөлөктөрдү - 1,7 эсеге, дары каражаттарын - 40,5 пайызга, байланыш аппаратураларын жана анын бөлүктөрүн - 37,1 пайызга, болоттон жасалган зымдарды - 25,4 пайызга, азоттук жер семирткичтерди - 15,9 пайызга, эркектердин трикотаж кийимдерин - 14,2 пайызга, муңайзаттарды - 12,6 пайызга алып келүүнүн жогорулашы менен шартталды.

Муну менен катар автомобилдер үчүн бөлүктөрдү жана тетиктерди 6,6 пайызга алып келүү төмөндөгөн.

2017-ж. январь-сентябрында *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара сооданын көлөмү* 1708,3 млн. АКШ долларын түзүп, 2016-ж. январь-сентябрына салыштырганда 11,6 пайызга жогорулады. Мында экспорт - 32,2 пайызга, импорт - 5,8 пайызга жогорулады.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодада эң көп үлүш Россияга (57,7 пайыз) жана Казакстанга (40,1 пайыз) туура келди.

*ЕАЭБке мүчө-мамлекеттерине экспорттолуучу товарлардан* эң көп үлүш баалуу металлдардын концентраттарына жана рудаларына (18,8 пайыз), кийимдерге (17,6 пайыз), бут кийимге (10,8 пайыз), сүт азыктарына (6,7 пайыз), кургатылган жемиштерге (4,7 пайыз), автомобилдер жана тракторлор үчүн бөлүктөргө жана тетиктерге (4,0 пайыз), ошондой эле айнекке (3,5 пайыз) туура келди.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен аялдардын (4,5 эсеге) жана эркектердин трикотаж кийимдерин (2,8 эсеге), бут кийимди (2,2 эсеге), пиязды жана сарымсакты (3,8 эсеге), кургатылган жемиштерди (2,3 эсеге), ак майдын (1,9 эсеге), сүт, коюлтулган жана кургатылган сүттү (1,9 эсеге) чыгаруу көбөйдү. Ошол эле учурда буурчактын жана ысыткыч лампалардын экспорттолушу 2 эсеге азайган.

Россиядан импорттолгон товарлардын ичинен үй канаттуулардын эти жана андан даярдалган тамак-аш азыктары 3,7 эсеге, дөңгөлөктөр - 2,6 эсеге, кант - 2,4 эсеге, ундан жасалган кондитердик азыктар - 1,6 эсеге, болоттон жасалган зымдар - 25,5 пайызга, шоколад жана башка даяр тамак аш азыктары 8,2 пайызга өстү.

Ошол эле учурда күн карама майын алып келүү 38,4 пайызга төмөндөдү.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен трикотаж кийимдер - 2,2 эсеге, кургатылган жемиштер - 1,6 эсеге, руда жана баалуу металлдардын концентраттары - 11,7 пайызга, айнек - 2,3 эсеге өстү. Ошол эле учурда пластмассадан жасалган идиштер - 2,7 эсеге алып чыгуусу азайганы байкалды.

Казакстандан алынып келинген товарлардын ичинен табигый кум - 7 эсеге, макарон азыктары - 4,2 эсеге, күрүч - 2,3 эсеге, минералдык жана газдалган суулар - 2,1 эсеге, аялдардын жана балдардын гигиеналык буюмдары - 1,7 эсеге, күн карама майы - 1,6 эсеге жана ошондой эле маргарин - 27,6 пайызга көлөмү өстү. Ошол эле учурда косметикалык каражаттарды алып келүү 45,7 пайызга азайды.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төраганын биринчи орун басары** **А.Т. Оросбаев**